**Абдиев Жээнбек Сейталиевичтин 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча "Кыргыз Республикасынын Жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж.)" деген темадагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасына расмий оппонент, тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушев Асан Сулаймановичтин**

# ПИКИРИ

**1. Диссертациялык иштин актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасы Эгемендүүлүк алган мезгилден баштап жаштарга сапаттуу билим берүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Ошондуктан изилдөөгө алынып жаткан Жогорку билим берүү тармагынын өнүгүүсүнө жумшалуучу акча каражаттарынын булактарына илимий талдоо жүргүзүү бүгүнкүгүн талабы. Андыктан талкууга коюлган маселенин актуалдуулугунда шек жок. Анткени, Кыргызстандагы Жогорку билим берүү тармагындагы мамлекеттик жана жеке менчик окуу жайлардын рынок экономикасынын шартындагы абалын, ордун жана келечегин ар тараптуу илимий изилдөө жүргүзүү аркылуу, баалуу сунуштарды даярдоого билим берүү тармагы муктаж.

Илимий изилдөөдө жаңыдан пайда болгон жеке менчик жогорку окуу жайлардын студенттерге тийгизген оң жана терс жактарын аныктоо да актуалдуу болуп эсептелет.

**2. Диссертациялык ишке коюлган талаптардын чегиндеги илимий жыйынтыктар.** Каралып жаткан илимий эмгекте бир катар илимий-практикалык жыйынтыктарды чыгарган:

1-жыйынтык. Изилдөөчү маселенин тарыхнаамасын үч топко бөлүү аркылуу ал эмгектерге мүнөздөмө берген жана талдаган. Эгемендүү Кыргызстандын Жогорку билим берүү тармагынын каржылануусунун тарыхын алгачкылардан болуп изилдөө жүргүзүүгө аракет жасаган.



...НАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 04-8/75
17 » 03 2025 ж.г.

2-жыйынтык. Диссертациялык эмгекте изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиясы менен бирге булактык базасын талдоого алган. Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын каржы-чарбалык ишмердүүлүгүнө байланыштуу Кыргыз Республикасынын Борбордук Мамлекеттик архивинин фондундагы баалуу тарыхый маалыматтар алгачкылардан болуп илимий диссертациянын деңгээлинде изилденген жана илимий айлампага киргизилген.

3-жыйынтык. Кыргызстандын билим берүү тармагынын жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайларынын ишмердүүлүгүнүн концептуалдык жана укуктук-ченемдик негиздери көрсөтүлгөн. Республиканын жогорку окуу жайларынын рыноктук шарттарга ыңгайланышы жана алардын андан-ары өнүгүшүндөгү кээ бир көйгөйлөр талдоого алынган.

4-жыйынтык. Диссертациялык изилдөөнүн хронологиялык алкагында жогорку окуу жайлар билим берүүнүн рыноктук керектөөлөрүн толук аткара алган эмес. Бул жогорку окуу жайлардын эл аралык билим берүүгө интеграцияланышына түрткү берген жана Кыргызстандын жогорку окуу жайлары дагы акырындык менен дүйнөлүк билим берүү чөйрөсүнө тартыла баштагандыгын белгилеген.

5-жыйынтык. Дүйнөлүк билим берүүгө интеграциялануу менен Кыргызстандын жогорку окуу жайлары билимди экспорттоодо, эл аралык ар кандай фонддор менен кызматташууда, гранттарды, инвестицияларды алып келүү менен билим берүүдөгү маселелерин мүмкүнчүлүгүнө жараша чечип жаткандыгын талдоого алган.

**3. Диссертациялык изилдөөдө чыгарылган корутундулар менен илимий жоболордун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү**

Илимий эмгекте аталган жыйынтыктар менен жоболор (корутундулар) алдыга коюлган так максаттар менен милдеттердин негизинде логикалык түрдө байланышкан баптардын мазмунуна таянуу менен чыгарылган.

1-жыйынтык. Илимдин жетишкендиктерине негизделген акыл эмгегинин коомдун өнүгүшүндөгү орду жана анын адамдарга тийгизген таасири , ошондой эле окуу жайлардын деңгээлин көтөрүүчү инвестициянын зарылчылыгы тууралу дүйнөлүк жана ата мекендик концепциялар жетишээрлик.

2-жыйынтык. Маселенин актуалдуулугунун тигил же бул багыттарын изилдөөгө арналган эмгектер бир топ. Алардын ичинде окумуштуу тарыхчылардын эмгектери арбын. Бирок, жогорку билим берүү тармагынын каржылоо маселелеринин булактарынын тарыхына талдоо жүргүзгөн атайын илимий эмгек жок.

3-жыйынтык. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү тармагынын калыптанышында жана өнүгүү жолунда жаңы рынок экономикалык негиздерин түзүүдө Кыргыз Республикасынын Конституциясы баш болгон бир нече мыйзамдар менен токтомдордун кабыл алынышы, буйруктардын чыгышы чоң мааниге ээ болгон.

4-жыйынтык. Постсоветтик реформалардын жүрүшүндө калыптанып жашап кеткен Кыргызстандын жогорку билим берүү тармагы үчүн өтө маанилүү маселе – анын эффективдүү экономикалык базасын түзүү болгон. Бул багытта бир нече экономикалык моделдер кабыл алынып, ишке ашырылган.

5-жыйынтык. Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын негизги каржылоосу мамлекеттик, мамлекеттер ортосунда түзүлгөн эл аралык жана жеке менчиктик, же окуу жайды түзүүчү оокаттуу адамдардын колдоосу аркылуу жүргүзүлгөн.

6-жыйынтык. Эл аралык жогорку билим берүүгө татыктуу болуу максатында, чет өлкөлүк жардамдарды жигердүү тартуу аркылуу жаштарды дүйнөлүк жогорку билим берүүгө кеңири аралаштырууга толук мүмкүнчүлүктөр, шарттар түзүлүп, жаңыдан ачылган чет өлкөлүк жогорку окуу жайлар өз ордуларын таба алышты.

**4. Диссертациянын илимий жаңылыгы жана анын тууралыгын баалоо менен практикалык маанилүүлүгүнө баа берүү:** Диссертациялык изилдөө жүргүзүү мезгилинде топтолгон тарыхый булактык базанын негизиндеги илимий эмгектин жыйынтыгы Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы рыноктук мамилелер, экономикалык реформалар, экономикалык-финансылык ишмердүүлүктөрү боюнча талдоо жүргүзүүдө, өлкөнүн билим берүү багыты боюнча стратегиялык пландарды, концепцияларды иштеп чыгууда көмөк бермекчи.

Изилдөөнүн негизинде чыгарылган илимий тыянактар билим берүү тармагы боюнча жалпылоочу эмгектерде, изилдөөлөрдө, Кыргызстандын эгемендик доорундагы жогорку кесиптик билим берүү маселелерин изилдөө иштеринде кеңири колдонууга болот.

**5. Диссертациялык иштин негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштүү толуктугун ырастоо.**

Диссертациянын илимий жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгү Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына ылайык рецензияланган илимий басылмаларда жарыяланган 12 илимий макалада чагылдырылган.

**6. Авторефераттын диссертациялык иштин мазмунуна дал келиши:** Абдиев Жээнбек Сейталиевичтин “Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж)” деген темадагы кандидаттык диссертациясынын автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине ылайык келет. Анын басылмасы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайык даярдалып, кыргыз, орус, жана англис тилинде, бирдей резюме берилген.

**7. Диссертациялык иштин мазмуну жана жасалгаланышы боюнча кемчиликтери.** Илимий эмгектин жетишкендиктерин белгилөө менен бирге бул кол жазмада кээ бир мүчүлүштүктөр кездешет:

1. Рынок-экономикасынын шартында жаңыдан пайда болгон жеке менчик Жогорку окуу жайлардын Кыргыз Республикасынын жалпы экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымы жөнүндө кеңири, так маалыматтар берилсе дурус болмок.

2. Диссертацияда берилген таблицаларга кеңири илимий талдоо жүргүзүлүп, алардагы сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүнө баа берилиши зарыл.

3. Үчүнчү баптын биринчи бөлүмүндө архивден алынган тарыхый маалыматтар көп берилген, мүмкүн болушунча так, кыска түшүндүрмө берүү керек.

4. Илимий эмгекте грамматикалык, стилисттик каталар кездешет.

5. Практикалык сунуштарга Жогорку билим берүү тармагын каржылоого тоскоол болгон маселелерди кантип чечүүнүн жолдору сунушталышы керек.

**8. КР УАКтын диссертацияларга коюлган талаптарга жооп бериши.**

Абдиев Жээнбек Сейталиевичтин “Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж)” деген темадагы 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изиденип алууга сунушталган иши Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобосунун талаптарына жооп берет. Андыктан, Абдиев Жээнбек Сейталиевичке 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**тарых илимдеринин доктору, профессор** **Ормушев А.С.**

МЕЖДУНАРОДНЫЙ КУВЕЙТСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
ЭЛ АРАЛЫК КУВЕЙТ УНИВЕРСИТЕТИ
ИНН 020041998
Ф.И.О. / Аты жөнү
КОЛ ТАМГАСЫН КҮБӨЛӨЙМҮН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
Зав. ОК
Ф.И.О.